АЛДЫНКЫ ТАЖРЫЙБА БОРБОРУ
ЖАЛАЛ-АБАД КОЛЛЕДЖИ

# КАРЬЕРА БОРБОРУНУН 2024-2025 ОКУУ ЖЫЛЫНА КАРЬЕРА БАШЧЫСЫНЫН II ЖАРЫМ ЖЫЛДЫК ОТЧЕТУ




*Алимбаева Гулмайрам Жакшыбаевна*

# 2-жарым жылдыктагы
# СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТӨР МЕНЕН ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ИШ ЧАРАЛАР



## ЭНЕРГЕТИКА ПЦК

1. Энергетика ПЦКсын 3-курстарынын студенттери менен Жалал-Абад электр тармактары ишканасынын СНТиБ бөлүмүнүн жетектөөчү инженери А.С.Атчапаров менен " Кыргыз Республикасын Энергетика системасынын жетишкендиктери жана келечектеги пландары" темасында тегерек стол болуп өттү. (№14 17.,3.2025ж протокол)

2. Токтогул райондук электр тармактар ишканасынын башкы инженери Т.А.Абакиралиев, Токтогул РЭСтин ст. мастери Ы.Э.Калыгулав жана Жалал-Абад электр тармактары ишканасынын Изоляция бөлүмүнүн жетектөөчү инженери К.А.Жусуповтор м "Кыргызстан энергетикасын өнүгүсүнө Акылдуу эсептегичтерди орно артыкчылыктары" деген темада конок лекция өтүлдү.



## КМТШИ ПЦК

КМТШИк-01-24, КМТШИк-2-3-23 тайпасынын студенттери менен Жалал-Абад шаарынын “Айтумар” тигүү цехинин башчысы Абдуллаева Эльмира , “INOORA “ тигүү цехинин башчысы Келдибаева Айнура, “Sevin_House” тигүү цехинин башчысы Мамытова Сүйүмкан, “Мода үйү” тигүү цехинин башчысы Туробаева Нигора Бахтияровна менен кереге кенеш өткөрүлүп, кызыктуу баарлашуу болду.







## ӨКК ЖАНА ТОИРАТ ПЦК

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жалал-Абад областук башкармалыгында ОКк-2-22 тайпасы кадрлар бөлүмүнүн башчысы Атабеков Таалайбек Айтышовичтин катышуусунда “ЗЧС адистигинин келечектеги ролу” деген темада тегерек стол болуп өттү. Кесиптик кызыгууга багытталган иш чарада бүтүрүүчүлөр кесиби боюнча кызыккан суроолоруна жоопторду ала алышты жана кесипке болгон кызыгуунун артышына чоң мотивация берди.

190503 Транспорттун электр жабдууларын жана автоматикасын эксплуатациялоо адистигинин ТЭМк-01-23 тайпасына жана ТОиРАТ адистигинин 2-22 тайпаларына иш беруучулор мёнен окуу жайдын ортосундагы байланышты заманбап кадрлардын даярдалышын арттыруу темасында тегерек стол уюштурулду. Тегерек стол темасы: Чакан бизнести кантип баштоо керек?Протокол № 8 12.03.2025













# АСЖМ ПЦК

Автоматташтырылган системалар жана математика ПЦКсынын ПОВТАС адистигинин 3-курстарына “Иш берүүчүлөр менен жолугушуу” иш-чарасы болуп өттү. Иш-чара түзүлгөн программанын негизинде өткөрүлдү. Иш-чарага IT академиясынын директору Стамкулов Руслан Робертович катышты.












# ВЕТЕРИНАРИЯ КҮНҮ

29 – апрель Ветеринарлар кунунө карата иш чара болуп өттү. Иш чарага Жалал-Абад шаардык ветеинардык башкармачылыгынын башчысы Абдыкулов Р.А,Сузак райондук ветеринардык башкармалынын башчысы Сабирханов А И, ЖАГУнун карьера боюнча жетекчиси Н.Султанова, ЖАКтын окуу иштери боюнча директордун орун басары Бектурсунов Ж.Б жана мугалимдери катышты.










# БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР МЕНЕН ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ИШ ЧАРАЛАР


## 1. ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК МЕРИЯСЫ ТАРАБЫНАН УЮШТУРУЛГАН "ЧОҢДОРГО БИЛИМ БЕРҮҮ" РЕСПУБЛИКАЛЫК ФЕСТИВАЛЫНА ЖАНА "БОШ ЖУМУШ ОРУНДАР, КЕСИПТЕР ЖАРМАНКЕСИ-2025" ИШ-ЧАРАСЫНА ЖАЛАЛ-АБАД КОЛЛЕДЖИ АКТИВДҮҮ КАТЫШТЫ

**Иш-чаранын жүрүшүндө “Мыкты кийим дизайнери" конкурстары уюштурулуп, ЖАКтын окутуучусу Абдыманап кызы Дамира 3-орунга ээ болуп баалуу сыйлыктарга ээ болду.**

















## ВЕТЕРИНАРИЯ ПЦК

Ветеринария бөлүмүндө “Жаныбарлардын Эхинокок ылаңын алдын алуу” темасында тегерек стол өткөрүлдү. Бул иш-чаранын максаты – студенттердин арасында зооноз оорулары боюнча түшүнүктөрдү кеңейтүү жана алдын алуу жолдорун үйрөтүү болду.

Тегерек столго ветеринария адистигинин бүтүрүп кеткен бүтүрүүчүсү Сузак райондук ветеринария лабораториясынын “Бактериология” бөлүмүнүн башчысы Акматбеков Э.келип “Жаныбарлардын Эхинокок ылаңын алдын алуу” жана жаныбарларда кездешүүчү Эхинокок ылаңынын пайда болуу себептери, жугуу жолдору жана адам үчүн кооптуулугу тууралуу кеңири маалыматтар берилди.



## АСЖМ ПЦК






Автоматташтырылган системалары жана математика ПЦКсынын адистигинин 3-курстарына Бүтүрүүчүлөр менен жолугушуу иш-чарас өттү. Иш-чарага IT RUN окуу борборунун окутуучусу, ЖАКтын БА тайпасынын бүтүрүүчүсү Абдырахманов Нурболот катышты.

Иш-чаранын максаты:

- студенттердин кесипке болгон кызыгуусун арттыруу жана мотивация берүү;
- келечектеги багытын туура тандап өз кесиби менен иштөөгө үндөө;
- IT тармагы боюнча кенен маалыматтарды алуу жана IT тармагынын азыркы мезгилдеги актуалдуулугу

# КЕЧЭЭКИ ШАКИРТ, БҮГҮНКҮ УСТАТ

Жалал-Абад колледжинин тигүү буюмдарын конструкциялоо ПЦКсынын тигилген буюмдарды конструкциялоо, моделдөө жана технологиясы адистиктерине “Кечээки шакирт, бүгүнкү устат “- деген темада бүтүрүүчүлөр менен жолугушуу болду. Бул жолугушууга аталган адистиктин КМТШИк-2-18 тайпасынын бүтүрүүчүсү, азыркы мезгилде ЖАКтын ТБК ПЦКсынын өндүрүштүк мастери Бүбүайша Бердибекова КМТШИк-2-20 тайпасынын бүтүрүүчүсү Жалал- Абад шаарынын “ Эльнура“ цехинин тигүүчүсү Акбаралиева Айлиза , КМТШИк-01-22 тайпасынын бүтүрүүчүсү Базар −Коргон шаарынын “63-кесиптик лицейинин” өндүрүштүк устаты Асанова Гулзада өздөрүнүн кесиптери жана аркалаган жумуштары жөнүндө айтып беришип, студенттерге слайд жана видеолору менен бөлүшүштү. Жолугушуу кызыктуу өтүп, студенттер менен бүтүрүүчүлөр ортосунда суроо жооптор жана талкуулар болду.Бүтүрүүчүлөр менен жолуккан студенттер өздөрүнүн келечектеги кесиби жөнүндө кыялданып, аны туура же туура эмес тандагандыгын аңдап билет жана кесибине мамилесин өзгөртөт.Аягында бүтүрүүчүлөр тарабынан колледжибизге ыраазычылык сөздөр айтылып, жолугушуу жагымдуу маанайда жыйынтыкталды.









Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун карьераны өнүктүрүү жана өндүрүштүк практиканы уюштуруу бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан уюштурулган окуусун аяктап жаткан бүтүрүүчүлөрдү жумушка бөлүштүрүү боюнча иш-чара болуп өттү. Иш-чарага ар бир адистиктин иш берүүчүлөрү жана бүтүрүүчү студенттери катышышты. Иш берүүчүлөрдөн бош жумуш орундар суралды. ЖАКтын ар бир адистиктин социалдык партнерлору бош орундар тууралуу сөзгө чыгып сүйлөдү. Бүтүрүүчүлөр үчүн да бул иш чара жумуш орундарын табуу үчүн абдан маанилүү болду.








# ЖАКтын карьера башчылары ар бир адистиктин бүтүрүүчү тайпаларына Кантип жумуш орундарын табуу, резюме жазуу боюнча семинарлар өтүлдү.













# ПРОФОРИЕНТАЦИЯ БОЮНЧА ЖАСАЛГАН ЖУМУШТАР

ЖАМУда ачык эшиктер күнүнө ЖАК активдүү катышты.
https://www.facebook.com/share/p/1G8YoErnV2/















1. ЖАКТЫН ЖАЛПЫ ЖАМААТЫ ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН АР БИР МЕКТЕПТЕРИНЕ ПРОФОРИЕНТАЦИЯЛЫК ЖУМУШТАРЫН ЖАСАП, МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНА ЖАК ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ БЕРИП, БУКЛЕТТЕРДИ ТАРАТЫШЫП, ВИДЕОСЛАЙДДАРДЫ КӨРГӨЗҮП КЕЛИШТИ.













# I. МОБИЛДҮҮЛҮК БОЮНЧА АТКАРЫЛГАН ЖУМУШТАР

Мобилдүүлүк боюнча ОШМУнун алдындагы математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар кафедрасынын окутуучулары Э. Дарбанов баштаган окутуучулар жамааты келишип, ЖОЖдор аралык тажырыйба алмашуу семинарына катышып кетишти.













# I. МОБИЛДҮҮЛҮК БОЮНЧА АТКАРЫЛГАН ЖУМУШТАР

ЖАКтын АСжМ ПЦКсынын окуутучулары мобилдүүлүк боюнча ОШМУнун алдындагы математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар кафедрасы тарабынан 2025-жылдын 22-февраль күнү уюштурулган “Билим берүү процессинде санариптик трансформация” аталышындага ЖОЖдор аралык тажырыйба алмашуу семинарына катышып келишти.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ
АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАЛАР ЖАНА САНАРИПТИК ТЕХНОЛОГИЯЛАР КАФЕДРАСЫ

ЫРААЗЫЧЫЛЫК БАРАКЧА

Ош мамлекеттик университетинин алдындагы математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар кафедрасы тарабынан 2025-жылдын 22-февраль күнү уюштурулган "Билим берүү процессинде санариптик трансформация" аталышындагы ЖОЖдор аралык тажрыйба алмашуу семинарында активдүү катышкандыгы үчүн

________________ берилет.

Азимов Б.А.
МФТИТ институтунун директору, ф.-м.и.к., доцент


Кудуев А.Ж.
АССТ кафедрасынын башчысы, тех.и.к., доцент





# I. МОБИЛДҮҮЛҮК БОЮНЧА АТКАРЫЛГАН ЖУМУШТАР

3.04.2025ж Алдыңкы тажрыйба борбору Жалал-Абад колледжинин Энергетика ПЦКсына Ош Мамлекеттик Университетинин STEM колледжинин "Адистештирилген дисциплиналар" бөлүмүнүн окутуучулары студенттери менен мобилдүүлүк жана билим алмашуу максатында келишти.
Жалал-Абад колледжине экскурсия жасатып, сабактар өтүлдү.
Келген окутуучуларга сертификат жана ыраазычылык каттар тапшырылды.
https://www.facebook.com/share/p/16QhAk4we1/







# ЖОО

ЖАКтын жалпы 5 ПЦКсынын жамааты адистик боюнча ар бир предметтеринде жумушчу программада көрсөтүлгөн ЖОО сааттарын график боюнча белгиленген иш каналарда өтүштү.

















# ЖОО
















# SWOT-АНАЛИЗ

## Күчтүү жактары

1. Бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруунун жогорку деңгээли – ЖАКтын эффективдүү ишинин аркасында студенттердин ийгиликтүү иш менен камсыз болушун көрсөтөт.

2. Өнөктөштөрдүн күчтүү тобу – иш берүүчү мекемелер менен узак мөөнөттүү мамилелер түзүлүп, ишке орношуу үчүн туруктуу мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

3. Сапаттуу профориентация– карьера борбору сайттарда абитуриенттерди тартууга жардам берген жагымдуу жана маалыматтык материалдарды түзөт.

4. Колледждин репутациясы – колледж билим берүү рыногунда оң имиджге ээ, Республикалык рейтингде 1-орун, бул студенттерди жана өнөктөштөрдү тартууга жардам берет.
5. Профессионал команда – ЖАКтын кызматкерлери жогорку квалификациялуу жана тажрыйбалуу.

## Алсыз жактары

Профориентациянын чектелген мүмкүнчүлүгү – ЖАКтын аракеттери башка региондордон студенттерди тартууда жетиштүү эффективдүү болбой калышы мүмкүн.

## Мүмкүнчүлүктөр

1. Социалдык тармактарды кеңейтүү – абитуриенттерди жана иш берүүчүлөрдү тартуу үчүн социалдык тармактарды жана санариптик платформаларды активдүү колдонуу.

2. Колледж, лицейлердин көргөзмөлөрүнө катышуу – колледждин таанылышын жогорулатуу боюнча иш-чараларга активдүү катышуу.

## КОРКУНУЧТАР

1. Билим берүү рыногундагы атаандаштык - биздин адистиктер башка колледждерде болушу.

2. Эмгек рыногундагы өзгөрүүлөр - эмгек рыногунун туруксуздугу бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна таасир этиши мүмкүн.

3. Салттуу билим берүүгө кызыгуунун азайып барышы -онлайн курстардын жана окутуунун альтернативдүү формаларынын популярдуулугу өсүүдө.

4.Терс сын – пикирлер - сурамжылоодо студенттердин же жумуш берүүчүлөрдүн терс сын-пикирлеринин пайда болушу, бул колледждин кадыр-баркына таасир этиши мүмкүн.





# РАХМАТ

БҮТТҮ